КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ

КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТЕСКЕМЕ
# РАСПОРЯЖЕНИЕ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 10-мартындагы № 83 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызмат системасынын натыйжалуулугун жогорулатуу жана бюрократиядан арылтуу боюнча кошумча чаралар жөнүндө” Жарлыгын ишке ашыруу, мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенүүдө жарандар үчүн максималдуу ыңгайлуу шарттарды түзүүгө багытталган санариптик трансформацияны андан ары өркүндөтүү үчүн шарттарды түзүү максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык:

1. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүүчү, ошондой эле жарандарга маалыматтарды (маалымкаттарды, билдирүүлөрдү) кагаз жүзүндө берүүнү жүзөгө ашыруучу мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары:

1) 2025-жылдын 14-апрелинен тартып (Бишкек жана Ош шаарлары үчүн) жана 2025-жылдын 1-майынан тартып (Кыргыз Республикасынын бардык облустары үчүн) 50 жаш жана андан жогору курактагы жарандарга, жарандардын социалдык жактан аялуу категорияларына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары жерлерде пайдалануу үчүн мындай маалыматтар талап кылынган учурларды кошпогондо, “Түндүк” мобилдик тиркемеси аркылуу жарандарга жеткиликтүү болгон маалыматтарды (маалымкаттарды) кагаз түрүндө берүүнү токтотсун;

2) 2025-жылдын 1-июнунан тартып мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүүдө (маалыматтык системалар даяр эмес болгон учурларды кошпогондо) “Түндүк” электрондук ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү системасы (мындан ары – “Түндүк” ЭВӨС) аркылуу алууга мүмкүн болгон документтерди (алардын көчүрмөлөрүн), ошондой эле кагаз түрүндөгү маалыматтарды жеке жана юридикалык жактардан талап кылууну токтотсун;

3) 2025-жылдын 1-июнуна чейин документтерди жана/же алардын көчүрмөлөрүн, ошондой эле “Түндүк” ЭВӨС аркылуу алууга мүмкүн болгон маалыматтарды кагаз түрүндө талап кылууну алып

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

салуу бөлүгүндө бардык ченемдик укуктук актыларды ылайык келтирсин, жыйынтыгы боюнча жасалган иштер жөнүндө маалыматты Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Стратегиялык демилгелер улуттук институтуна берсин;

4) электрондук ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүнү уюштуруу мүмкүнчүлүгү жок болгон учурда тиешелүү мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары 2025-жылдын 1-июнуна чейинки мөөнөттө электрондук ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү үчүн зарыл болгон маалыматтык системаларды иштеп чыгуу жана ишке киргизүү боюнча иш-чаралардын 2025-жылдын 1-октябрына чейин ишке ашыруунун акыркы мөөнөтү менен бекитилген планын Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Стратегиялык демилгелер улуттук институтуна берүүгө тийиш;

5) тараптардын өз ара аракеттенүүсү боюнча макулдашылган мөөнөттө сервистерге жеткиликтүүлүктү уюштурсун жана берсин жана “Түндүк” ЭВӨСтүн башка катышуучусу менен алынуучу/берилүүчү маалыматтардын тизмесин көрсөтүү менен тейлөө деңгээли (Service Level Agreement, SLA) жөнүндө макулдашуу түзсүн;

6) “Түндүк” мобилдик тиркемеси аркылуу тиешелүү маалыматтарды алуу зарылдыгы жөнүндө калк арасында кеңири маалыматтык өнөктүктү жүргүзсүн;

7) “Түндүк” мобилдик тиркемеси аркылуу тийиштүү маалыматтарды алуу боюнча жарандарга жеринде консультациялык жана практикалык жардам көрсөтсүн.

2. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүүчү мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары Нотариаттын бирдиктүү маалымат тутуму (“Электрондук нотариат” МТ) тарабынан берилген кагаз түрүндөгү төмөнкү нотариалдык документтерди жеке жактардан талап кылууну токтотсун:

1) автотранспорт каражаттарын тескөөгө жана башкарууга ишеним кат;

2) паспортту даярдоого жана алууга ишеним кат;

3) жарандыкты алууга жана андан баш тартууга ишеним кат;

4) жашаган жери же турган жери боюнча каттоо эсебине макулдук берүү;

5) юридикалык жакты каттоого ишеним кат;

6) бажы органдарындагы өкүлчүлүккө ишеним кат.

3. Бул тескеменин сапаттуу жана өз убагында аткарылышы үчүн Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жетекчилеринин, Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчыларынын жеке жоопкерчилиги белгиленсин.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

4. Бул тескеменин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.А. Касымалиев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ**

**КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# ТЕСКЕМЕ
# РАСПОРЯЖЕНИЕ

В целях реализации Указа Президента Кыргызской Республики «О дополнительных мерах по повышению эффективности и дебюрократизации системы государственной службы Кыргызской Республики» от 10 марта 2025 года № 83, создания условий для дальнейшего совершенствования цифровой трансформации, направленной на создание максимально комфортных условий для граждан при взаимодействии с государственными органами и органами местного самоуправления, в соответствии со статьями 13, 17 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Кабинете Министров Кыргызской Республики»:

1. Государственным органам и органам местного самоуправления, оказывающим государственные и муниципальные услуги, а также осуществляющим выдачу сведений (справок, выписок) гражданам в бумажном формате:

1) с 14 апреля 2025 года (для г. Бишкек и г. Ош) и с 1 мая 2025 года (для всех областей Кыргызской Республики) прекратить выдачу сведений (справок) в бумажном формате, доступных гражданам через мобильное приложение «Тундук», за исключением случаев, когда такие сведения требуются гражданам в возрасте от 50 лет и старше, социально уязвимым категориям граждан, а также для использования за пределами территории Кыргызской Республики;

2) с 1 июня 2025 года прекратить истребование у физических и юридических лиц документов (их копий), а также сведений в бумажном формате, которые возможно получить посредством системы межведомственного электронного взаимодействия «Тундук» (далее – СМЭВ «Тундук») при оказании государственных и муниципальных услуг (за исключением случаев неготовности информационных систем);

3) до 1 июня 2025 года привести в соответствие все нормативные правовые акты в части исключения истребования документов и/или их копий, а также сведений в бумажном формате, которые возможно получить посредством СМЭВ «Тундук», по итогам представить информацию о проделанной работе в Национальный институт стратегических инициатив при Президенте Кыргызской Республики;

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

4) в случае отсутствия возможности организации межведомственного электронного взаимодействия соответствующим государственным органам и органам местного самоуправления необходимо в срок до 1 июня 2025 года представить в Национальный институт стратегических инициатив при Президенте Кыргызской Республики утвержденный план мероприятий по разработке и внедрению информационных систем, необходимых для межведомственного электронного взаимодействия, с конечным сроком реализации до 1 октября 2025 года;

5) организовывать и предоставлять доступ к сервисам в течение согласованного сторонами взаимодействия срока и заключить с другим участником СМЭВ «Тундук» соглашение об уровне обслуживания (Service Level Agreement, SLA) с указанием перечня получаемых/предоставляемых сведений;

6) провести широкую информационную кампанию среди населения о необходимости получения соответствующих сведений посредством мобильного приложения «Тундук»;

7) оказывать на местах консультативную и практическую помощь гражданам по получению соответствующих сведений посредством мобильного приложения «Тундук».

2. Государственным органам и органам местного самоуправления, оказывающим государственные и муниципальные услуги, прекратить истребование у физических лиц следующих нотариальных документов в бумажном формате, которые выданы Единой информационной системой нотариата (ИС «Электронный нотариат»):

1) доверенность на распоряжение и управление автотранспортными средствами;

2) доверенность на изготовление и получение паспорта;

3) доверенность на получение и отказ от гражданства;

4) согласие на регистрационный учет по месту жительства или месту пребывания;

5) доверенность на регистрацию юридического лица;

6) доверенность на представительство в таможенных органах.

3. Установить персональную ответственность руководителей государственных органов Кыргызской Республики, полномочных представителей Президента Кыргызской Республики в областях и глав органов местного самоуправления за качественное и своевременное выполнение настоящего распоряжения.

4. Контроль за исполнением настоящего распоряжения возложить на управление контроля исполнения решений Президента


ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

и Кабинета Министров Администрации Президента Кыргызской Республики.

**Председатель**
**Кабинета Министров**
**Кыргызской Республики** **А.А. Касымалиев**



ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 260-т, 09.04.2025 Кол койгон: Касымалиев А.А., 09.04.2025